КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ОРОК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ
724808,Жал айылы Гагарин көчөсү
Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2
Факс: (0312) 88-12-04, л/с 4403051001001438
эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ОРОКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
724808,с.Джал ул.Гагарина б/н
Тел: 0 (3134) 70-16-6, 70-30-2
Факс: (0312) 88-12-04, л/с4403051001001438
эл.почта:orokskiymestnyy.kenesh@mail.ru

**2023-жыл 28-ноябрь** **№ 10/3** **Жал а.**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**1. Орок айыл өкмөтүндө катталган, турак-жайы жок жетим жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарга турак жай курууга, жер тилкелерин кезексиз алуу боюнча.**

Орок айылдык кеңешинин кезектеги сессиясында Орок айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Адылбековдун, Орок айыл өкмөтүнүн социалдык суроолор боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 15-ноябрындагы протоколу боюнча кайрылуусун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Балдар жөнүндө” Кодексинин 13-беренесинин 5-бөлүгүнүн, Кыргыз Республикасынын “Турак жай” Кодексинин 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде ошондой эле 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5,17-пункттарын жетекчиликке алып Орок айылдык Кеңеши,

**Токтом кылат:**

1.Орок айыл аймагында турак жай куруу максатында мамлекет же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жер тилкелери бөлүнсө, турак-жайы жок жетим жана
ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган 16 жашка чыккан балдарга, кезексиз жер тилкелери бөлүнүп берилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Орок айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Адылбековго жана Орок айыл өкмөтүнүн социалдык суроолор боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3.Токтом мамлекеттик тилде гана кабыл алынды.

4.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө мыйзамына ылайык www.gamsumo.gov.kg сайтына жарыялансын.

**Орок айылдык кенешинин төрагасы** **У. Бекболотов**